**Усуп Мурзакматов атындагы орто мектебинин 2016-2017-окуу жылында тарбия иштери боюнча аткарылган иштеринин маалыматы**

«Замана деген ушундай, таптаганга жараша тушум берет кызылдай, тарбияна жараша, уулун болот замана», -деп Нурмолдо айткандай, азыр Кыргызстан учун оз мекенин, эне тилин суйгон, жалпы адамзаттык маданияттын гуманисттик, адептик асыл нарктарын оздоштургон, демократиялык коомдун баалуулуктарын жана идеалдарын урматтаган, достуктун жана улут аралык ынтымактын туусун бийик кармаган, коп маданияттуу чойродо жашоого жондомдуу, сабырдуу, ар намысы бийик, эмгекчил, чынчыл патриот жаштар керек. Учурда биздин мектеп да бугунку заман талабына топ келген жаштарды тарбиялоого аракет кылып, мамлекеттин тарбия стратегиясын ишке ашырууда чон комокчу болуп келет. Мектеп окуучуларга билим гана берип келбестен, татыктуу таалим-тарбия дагы берууго милдеттуу. Булл милдетти аткаруу учун мектепте тарбия иши ангеме, тушундуруу, лекция, маек, доклад, конкурс, класстык саат, ийримдер, даталуу кундорго байланышкан иш чаралар ж.б. иштерди жургузуп келуудо. Мектепте тарбия ишин жузого ашыруу учун атайын иштелип чыккан концепциянын негизинде иштерди алып баруудабыз. Биздин мектепте коп маданияттуулукка, эстетикага тарбиялоо максатында балдардын чыгармачылыгын онуктуруу учун атайын ыр-хор кружогу, онор орго учат кружогу уюштурулган. Жыл ичинде кружокто концерттик программалар даярдалып коюлат. Мисалы, «кузгу бал», «Жаны жыл-жалпы майрам», « жылдын мырзасы», «Кыз адеби кымбат», «Бар бол, Нооруз», «Энелерге таазим» ж.б. Онор орго учат кружогунун окуучулары ар кандай сынактарга суротторун жиберип турушат. «Илим жана техника» жумалыгы, 21-кылымдын интеллектуалдары» кароо сынактарына да узбой катышып, тажрыйба алмашып келебиз. Мындан тышкары адабият кружогунун окуучулары ар кандай спектаклдерди даярдап, коруучулорго сунуштап келишет. Анын ичинен «Узулгон умут» спектакли ыйман, адеп жана маданият жылына карата райондук

сынакка катышып 2-орунду ээлешти. Манас таануу боюнча да районго барып катышып келишти. Мектептин окуучулары карылар кунундо дагы улгайган адамдарды куру кол калтырышпайт. Ар бир бала озулору жашаган жери боюнча улгайган кошуна колондоруна жардам беришет. Жыл сайын «мумкунчулугу чектелген адамдарга аяр мамиле жасайлы» аттуу иш чара откорулуп, «мен жана менин укугум» аттуу дилбаяндардын жана алар дагы биздей аттуу сурот сынактары уюштурулат. Сюжеттери уруш кармаштарга, канн тогуулорго толгон, зордук –зомбулукка, арк андай наркотикалык заттарды пайдаланууга угуттогон теле-компьютердик программалардын ищенчээк жаш балдардын психикасына терс таасирин тийгизип жаткандыгы да анык. Озгочо жыл сайын наркотикалык заттардын жаныланып, кобойуп, ага жаштардын тартылып жатканы аянычтуу корунуш болууда. Булл заттарды пайдаланбоо, аны пайдаланган баланын алдында кандай коркунучтар кутуп турганын окуучулардын анс езимине жеткируу учун мектепте атайын иш чаралар журуп турат. Биздин мектепте андан сырткары «Дени сак» программасы боюнча «Таза кол» акциясы жарыяланып, бардык кабинеттерде «Ден соолук» бурчтары тузулгон. 2-11-класстын окуучулары сарык, кургак учук, ичеги карын оорулары, грипп сыяктуу жугуштуу оорулар боюнча жат жазууларды жазышты. Сергек жашоо программасы боюнча райондук денгээлдеги семинар откордук. Семинарыбыз жакшы деп бааланды. Балдарды айлана-чойрону суйуу максатында «Ысык-Колум-ыйык мурасым» аттуу иш пландын негизинде иштер жургузулуп, ишембиликтер ж.б. ар кандай иштер жургузулуудо. «Бар бол, Жер эне» , «Жашыл экономика» ишчараларына да катышып келебиз. Ата мекенди суйуу, патриоттуулукка тарбиялоо жаатында дагы бир топ иштер жасалып келебиз. «Кыргызстандын демократиялык жолундагы уч ашуу», «Канчалык оор болбосун, элге эстелик керек» деген темада класстык сааттар откорулуп, дилбаяндар жазылды. 9-майда оздорунун баатыр чон аталары тууралуу презентация жасашып, баатырлардын эрдиктерин сахналаштырышты.

Балдардын укугун коргоо жана укук бузууларды алдын алуу, суицид боюнча иш-чаралар мектепте узгултуксуз откорулуп турат. Класстык сааттар, коопсуздукту алдын алуу чаралары откорулот. Жаш оспурумдордун укук бузуусун алдын алуу боюнча иш чаралар откорулуп, дубал гезиттер чыгып, слайд шоулар корсотулуп турат. Биздин мектептин «Ынтымак» озун-озу башкаруу уюму бир топ иш аткарат. Алар биздин колубузга кол, бутубузга бут болуп келишет. Эстетикалык багытта тарбиялоо боюнча « Энелер биздин кунубуз» аттуу майрамдык кече уюштурушту. Кечеге баатыр энелер чакырылып, чакан белектер берилди. Мындан тышкары булл уюм тарабынан ар кандай кароо-сынактар, массалык маданий иш чаралар узгултуксуз откорулуп турат.

Быйылкы окуу жылын жакшы аяктоо менен бирге, жаны окуу жылына милдеттенмелерди алдык.

Мектеп директору: Карымшаков М.Ж.

Тарбия завуч: Батырканова А.А.